ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК: 397.7; 941.1 (575.2) (043.3) DOI:10.35803/1694-5298.2022.2.663-669

**АСИПБАЕВА М.Б.**
[1]Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Бишкек, Кыргыз Республикасы
[1]КНУ им. Ж.Баласагына Бишкек, Кыргызская Республика

**ASIPBAEVA M.B.**
[1]KNU named after Zh. Balasagyn, Bishkek, Republic of Kyrgyzstan
asipbaeba72@mail.ru

# КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАГЫНДА АГАРТУУНУН ТАРЫХЫНАН (XIX К. АЯГЫ – XX К. БАШЫ)

# ИЗ ИСТОРИИ НАРОДНОГО ОБРАЗОВАНИЯ НА ТЕРРИТОРИИ КЫРГЫЗСТАНА (XIX – XX ВВ.)

# FROM THE HISTORY OF PUBLIC EDUCATION IN THE TERRITORY OF KYRGYZSTAN (XIX - XX CENTURIES)

*Башталгыч билимди Кыргызстандын жергиликтүү калкынын балдары негизинен XIX к. аягы – XX к. башында диний мүнөздөгү мектептерден алышкан. Аталган диний мектептердин баштапкы билимди алууда, сабатсыздыктын жоюулушунда андан сырткары адеп-ахлакка тарбиялоодо ролу чоң болгон. Кыргыз жаштарынын арасынан билимге, илимге умтулгандардын санынын өсүшү кулач жая баштаган. Бул макалада Кыргызстандын аймагында агартуунун абалы, башталгыч билим берүүчү мектептер менен аймакта сабаттуулуктун өнүгүш деңгээли каралган. Түндүк Кыргызстанда мектеп, медреселердин жана жаңы усулдагы (усули жадид) мектептердин ачылышы, мусулман мектептеринин ишмердүүлүгү, сабатсыздыктын жоюлушу жөнүндө баяндалат.*

***Өзөк сөздөр:*** *Кыргызстан**,** Түркстан, мектеп, медресе**,** диний мектеп, билим берүү, жадидчилик, жаңы ыкма.*

*Известно, что в конце XIX в. начале - XX в. дети местного населения Кыргызстана получали начальное образование в религиозных школах. Такая школа сыграла важную роль в начальном образовании, искоренении неграмотности и нравственном воспитании. Растет количество кыргызской молодежи, ищущей образование и науку. В статье исследуется состояние образования в Кыргызстане, уровень развития грамотности в регионе с начальными школами. В нем рассказывается об открытии школ, медресе и новометодных школ на территории Кыргызстана, деятельности мусульманских школ, ликвидации неграмотности.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан, Түркстан, мектеп, медресе, религиозные школы, образование, джадидизм, новый метод.*

*At the end of the XIX century, early - XX century it is known that at first the children of the local population of Kyrgyzstan received their primary education in religious schools. Such a school played an important role in primary education, the eradication of illiteracy and moral education. The number of Kyrgyz youth seeking education and science is growing. The article examines the state of traditional education of Kyrgyzstan, the level of literacy development in the region with primary schools. It tells about the opening of schools and madrassas of Kyrgyzstan, the activities of Muslim schools, and the elimination of illiteracy.*

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

***Key words:** Kyrgyzstan, Turkstan, schools, madrassas, religious schools, illiterac education, jadidizm, new method.*

«Билим – адамдын канаты», «Билимдүүгө дүйнө жарык, билимсизге дүйнө караңгы», «Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат», сыяктуу накыл сөздөр элибиздин илгертеден бери эле илим-билимге умтулуп келгендигин далилдеп турат. Улуу муундардан бери калк арасында атанын ыйык милдеттеринин бири уул-кызын билимдүү кылып тарбиялоо болгон.

Башталгыч билимди Кыргызстандын жергиликтүү калкынын балдары негизинен XIX к. аягы – XX к. башында диний мүнөздөгү мектептерден алышкан. Аталган диний мектептердин баштапкы билимди алууда, сабатсыздыктын жоюулушунда андан сырткары адеп-ахлакка тарбиялоодо ролу чоң болгон. Билим берүүчү жогорку баскычтагы мусулман окуу жайлары болуп эсептелген медреселер илимге жана билимге умтулган адамдардын жана сабаты терең диниятчылардын санынын көбөйүшүнө карата арышын кенен жая баштаган. Мисал келтире турган болсок, орто кылымдарда эле чыгыш өлкөлөрүндө илим-билимдин өнүгүшүнө мындай мектептердин таасири зор болгон.Эң алгачкы медреселер Түркстанда (X к.), Багдадда (XI к.), Каирде (XIII к.), Мароккодо (XIV к.) негизделген.

XI-XI кк. Жакынкы Чыгыш жана Борбордук Азия элдеринин маданиятынын, өз ичине илимди, коомдук ой толгоо менен адабиятты камтыган кеңири маанидеги маданияттын дүркүрөп өнүккөн мезгили болуп саналат. Ал мезгилде маданияттын жогорулоосу айрыкча илимде өтө даана байкалат. Жадидчилик кыймылынын негиз салуучусу Исмаил Гаспринский «Түркестан улемасы» («Түркстан окумуштуулары» - Бахчисарай, 1900) деп аталган көлөмдүү тарыхый чыгармасынын кириш сөзүндө: «Европада илим жана агартуу иштери али түйүлдүк абалында турган мезгилде, Түркстанда илим өз алдынча өнүгүп жаткан», деп белгилеп, Бируни, Фараби, Ибн Сина, Улукбек, Алишер Навои ж.б. сыяктуу түркстандык акындардын, ойчулдардын, окумуштуулардын жашоо-турмушунан, иш аракеттеринен далилдүү фактыларды мисалга келтирип, алардын орто кылымдардагы илимге тийгизген орчундуу таасирин көрсөтүп кеткен. [1, 34-б.]. Чындыгында И.Гаспринский белгилегендей жогорудагы жана башка окумуштуулардын илимдеги ачылыштары жана эмгектери дүйнөлүк цивилизацияда орду абдан чоң.

Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» (1072-1077) жана Жусуп Баласагындын (1015/18-1070) “Куттуу Билим” эмгектери орто кылымдагы түркий тилдер илиминин жана маданиятынын өнүгүшүндөгү зор салымдардан болуп саналат. «Куттуу билим» (1069-1070) эмгегин жазуу менен Жусуп Баласагын адам баласын ыймангa, адал, ак ниет эмгекке үндөп, жакшы жүрүш-турушка чакырып, жалпы адеп-ахлактуулуктун энциклопедиясын кийинки муунга калтырып кеткен.

Эки залкар окумуштуу, ойчулдардын Караханийлер мамлекетинин тарыхый-маданий турмушунан суурулуп чыгышы, анын ичинде Кыргызстандын орто кылымдардагы Орто Азиянын жана Чыгыш Түркстандын маданий областары сыяктуу илими жана билими өнүккөн аймактардын бири болгондугун айгинелейт.

Кыргызстандын аймагында XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында окуу жайлардын бир топ түрлөрү болгон. Алсак, эски ыкма (усул-и кадим) менен окуткан медреселер, мектептер, жаңы ыкма (усул-и жадид) боюнча окуткан татар, башкыр жана кыргыз мектеп, медреселери, орусиялык жергиликтүү, айыл чарба жана шаардык мектептер, гимназиялар ж. б. болгон. Саны жагынан эсептеп келсек окуу жайлардын дээрлик көпчүлүгүн жаңы эски жана ыкма менен окуткан мусулмандык мектептер менен медреселер түзгөн.

Түркстан чөлкөмүндөгү мектептердин ички маңызы жана мазмуну боюнча окшоштукту орусиялык изилдөөчү Н.А. Бобровников мындай деп сүрөттөйт. «Түркестандын кайсыл аймагы болбосун мейли түпкүрдөгү чет жагы болбосун, мусулман мектеп, медреселеринин бир търдъъ окшоштугу, тектештиги элдердин акылы менен

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

жүрөгү мусулман динине багытталып, анын ажырагыс бир бөлүгү болгон сыяктуу сезилет» [2, 42-б.]. Чындыгында, мусулман жаштарынын илим-билимге болгон умтулуусун, алардын чын ыкластан берилип окушкандыгын, билимди баалап, ага умтулгандыгын тарыхый булактардан кенен кезиктирүүгө болот.

Аталар баласын билимдүү кылып тарбиялоо ыйык милдеттеринин бири экендигин даана сезишкен. Ошондуктан кандай гана болбосун каражат таап баласынын билимдүү болушун каалаган ата-энелердин саны көбөйө берген. Түркстан облустук маалымдоо баянынын 1885-жылкы №2 санындагы маалыматыныда мындай деп жазылып турат: «Жаңы мектептин ачылгандыгы тууралуу кабар алыстан угулганда эл арасында дуу-дуу кептер тарап, өз баласын мектепке берүүнү каалагандардын саны тездик менен өскөн».

Борбор Азиянын башка элдерине караганда мусулман окуусу кыргыз элинде кечирээк тараган, мунун себебин кыргыздардын чарбалык жашоосу көчмөн мал чарбачылыгына негизделгендиги менен түшүндүрсөк болот. Экинчиден, Борбор Азиянын аймагы XIX кылымдын үчүнчү чейрегинен тарта улуттук айырмачылыгы боюнча бөлүнбөстөн, падышачылык Россиядагы аймактык түзүлүшкө ылайык Түркстандын төрт облуска бөлүнүп кетиши, жалпы чөлкөм боюнча мусулман окуусу тууралуу жана башка маселелер боюнча бирдиктүү так статистикалык маалымат жок.

Кошуна жашап, жакын турган элдер менен кыргыздардын чарбалык маданий карым-катнаштарынын күчөшү менен Ала-Тоо жергесинде мектеп, медреселердин да саны өсө берет. Бул багытта Кыргызстандын түштүк аймактарында мектеп, медреселер эрте ачылып, алардын таасири да күчтүү болгон.

Себеби, географиялык жайгашуусу боюнча орто кылымдардан бери эле мусулман окуусунун борбору болуп келаткан Ферганалын шаарларынын жана отурукташкан коңшулаш элдердин таасири маанилүү ролду ойногон. Ушуга байланыштуу Ош шаарын чөлкөмдүн маанилүү диний борбору болгондугун белгилеп кетүүбүз керек. Ошто мусулман үлгүсүндөгү турак-жай курулуштардын, окуу жайлардын (мектеп, медреселердин ) арбын жайгашкандыгынан улам шаардын маанилүү диний борбор болгондугун көрүүгө болот. Алардын кээ бирлери XIX к. экинчи жарымы – XX к. баш курулган.

XIX кылымдын 70-жылдарында бир эле Ошто 5 медресе, анда жүзгө жакын шакирт, ал эми Ош вилаетинде – 102 мектеп, анда 1500 окуучу окуган [3, 31-б.].

Окумуштуу Б.Б.Зулумбаевдин изилдөөсү боюнча XIX кылымда Ош аймагында 9 медресе ачылган. Алар төмөнкүлөр: Жаңы-Ноокат айылы (1820), Ош шаары (1826), Ош шаарына жакын айыл (тактала элек) (1841), Өзгөн шаары (1841), Эски-Ноокат айылы (1843), Ош шаары (1850), Исфана кыштагы (1855), Сузак кыштагы (1860) [4, 56-57-б.].

Кыргызстандын түндүк аймактарында Кокон хандыгынан бери эле Кашкардан, Бухарадан, Ташкенттен кожолор келип, калкты динге үгүттөп, балдарын окутуп, дин китептерин жаттатып, көптөгөн каражат, мал таап кетишкен. Молдолордун көпчүлүгү китеп окууга гана басым жасашып, жазууга үйрөткөн эмес. Аң сезимдүү адамдар өздөрү эле ошол окуган китептерине ээрчип, өзүнчө «орфография» менен жазышкан [5, 28-34-б.]. Буга XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башында жазылып калган кол жазмалар күбө болот. Анын үстүнө ошол кезде жазуу жалпы түрк элдерине бирдей морфологиялык принципке негизделген. Араб-фарсы тилдеринен кирген терминдерди баардыгы бирдей жазышкан. Бирок ар бир этностун өкүлү бул орток жазманын текстин өз тилине ылайыктап окуган.

Кыргыз мектептеринин туруктуу орду болбогондуктан алардын саны боюнча тагыраак маалымат алуу кыйынга турган. Себеби, кыргыздар журт которуп көчкөн мезгилде мектептер кошо көчүрүлгөн. Балдарды окутуу көчмөн кыргыз элинде боз үйлөрдө жүргүзүлгөн. Кыргызстанда XIX кылымдын экинчи жарымынан мектептердин жана анда билим алган окуучулардын саны тездик менен көбөйө баштаган. 1883-жылы 3299 эркек бала, 579 кыздар, жалпысынан 3878 окуучу билим алган [6,46-б.]. 1886-жылы окуучулардын саны 4676га жетип, анын ичинен 4176 эркек, 491 кыздар болгон [7, 64-б.].

1888-жылы башкача айтканда, эки жыл өткөндөн кийин, окуучулардын саны эки эсе жогорулап, 8856 окуучуга жеткен [8,53-б.]. Окуучулардын саны ар дайым өйдө-ылдый болуп өзгөрүп турган.

Бир жыл өткөндөн кийин 1889-жылы көрсөткүч 6358 окуучуну тъзъп, төмөн түшүп кеткен [9,80-б.]. Ал эми 1890-жылы ал кайра жогорулап, 7576 эркек балага, 1983 кызга, жалпы - 9559 окуучуга жеткен [10, 101-б.].

Кыргызстан  Орусиянын курамына каратылгандан кийин деле, анда орустар тарабынан мектептердин бир нечелеген түрлөрү ачылып, кулач жая баштаганына карабастан, чөлкөмдө мусулман мектептеринен билим алууну каалагандардын саны арбын болгон. Далил катары алып карасак, 1893-жылы окуучулардын саны - 11756 эркек, 3025 кыз, жалпы - 14781 окуучудан турган [11].

1876-жылы Каракол уезди боюнча 12 жеке менчик мектеп болсо анын ичинен 9 мектеп кыргыздарга тиешелъъ, 3 мектеп сарт-калмактардыкы болгон. Жалпысынан 131 окуучу билим алган [12, 10-б.]. 1886-жылы Каракол уезди боюнча 14 мектеп, 246 эркек, 19 кыз, баардыгы болуп 265 окуучу билим алган. 1903-жылы Пишпек уездинде 38 мектеп болуп, анда 69 молдо эмгектенген. Окуучулардын саны 901 эркек, 93 кыз, баардыгы болуп 994 окуучу түзгөн [13, 63-б.].

Орто кылымда негизделген мусулман билим берүүсүнүнө реформа жүргүзүүнү каалагандар "жаңы метод" ("усули жадид") мектеби деп, ал эми өзгөрүүсүз мурункудай билим берүүнү "эски метод" ("усули кадид") мектеби деп аталып, "кадимчилер" жана "жидчилер" деген эки агым пайда болгон. Эски ыкмадагы (усул-и кадим) диний мектептерде мектептерде араб тамгасы менен окуганды жана жазганды гана үйрөнгөн. XIX кылымдын 30-жылдарында Түркстан аймагына келген англиялык саякатчы Дж. Вуд кыргыздардын мектебинен көргөн көрүнүштү  мындай деп жазган: "Бир боз үйгө кирсек, улгайып калган молдо балдарды окутуп жаткан экен. Балдардын айрымдары тактага тамга жазганды үйрөнүп жатышат. А башкалары ошол эле учурда аарыдай ызылдашып, мукабасы майланышып, барактары жыртылган куран китептен тексттерди жатташууда" [14, 7-б.]. Демек, бул боз үй мектебинде эски усул ыкмасында окутулганын баамдасак болот.

Башталгыч эски диний мектептерде окуган окуучу тамгаларды таанып бүткөндөн кийин, аларды муунга кошуп окуганга өткөн. Же болбосо, Курандын мазмунунан кыскартылган  китепти - «аптиекти» окушкан. «Аптиек» фарсы тилинде Хафт-и йак (хафт – жети, як - бир) Курандын жетиден бир бөлүгү деген маанини туюндурат [15, 38-б.]. Араб тилиндеги Куранды балдарга жеңилдетип түшүндүрүү үчүн бул окуу китеби түзүлгөн. Ал эми экинчи баскычта окуучулар мусулман дининин негизги эрежелери топтолгон жана фарсы тилинде же болбосо түрк тилдеринин биринде жазылган «чаар китеп» (фарсыча «чахар»), «Суфии Аллайар» китептерине өтүшкөн.

Окуучулар мектептерде белгилүү мөөнөткө, класстан класска көчүшкөн эмес. Ар бир окуучуга өз бетинче мамиле жасалган. Окуучунун, жөндөмүнө жана зээндүүлүгүнө жараша китептен китепке көчүрүү жүзөгө ашырылган. Эгерде окуучу зээндүү болуп, китепти жакшы өздөштүрсө, башкаларды күтпөстөн экинчи китепке өтүп кете берген. Көп жылдардан бери сындалып келгендигине карабастан, мындай мектептин кээ бир абдан оозго алаарлык жактары болгон. Алсак, ар бир окуучуга зээндүүлүгүнө жараша өз алдынча мамиле жасалган. Эгерде класстан класска көчүүдө кээ бир  окуучулар өткөн программаны толук өздөштүрбөстөн башка класска көчүп кете берсе, бул ыкмада окуучу ошол китепти толук өздөштүрбөсө эки, үч, беш жылга чейин окууну уланта берген.

Окумуштуу Дүйшө Айтманбетов Тоң районунун «Туура-Суу» мектебинин 1914-жылкы бүтүрүүчүсү Молдогазы Таранчиевдин мектептеги окуу тууралуу эскерүүсүн жазып алган, анда мындай деп  баяндаган: «Бир эле үйдө окуучулар төшөнчүсү менен жайланышкан, ашкана деп аталган боз үйдө молдо, ашпозчунун үй-бүлөсү турган. Ушул эле үйдө тамак-ашы менен идиш-аягы болгон. Молдо биздин эсептен тамактанып, ашканада жатуучу. Анын аты Сагындык молдо, саяк элинен чакырылган. Анын тамагы

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

үчүн ар бир окуучу 1 кой, 1 кап ун, чай жана отун алып келүүчү. Мындан тышкары тамгаларды жаттаганы, курандын ар бир бөлүмүн өздөштүргөнү үчүн балдардын ата-энелери кийим-кечек, же мал, же дагы башка баалуу буюм, ал эми бейшемби күндөрү «бейшембилик» (тамак-аш же акча) белегин берип турушкан. Түшкө чейин сабак 4 саатка, түштөн кийин 4-5 саатка созулган. Окуучулар кечинде шам-чырактын жарыгында сабак даярдашкан. Жума күндөрү алар үчүн дем алыш күнү болуп, үйлөрүнө кетишчү. Окуу 5-6 ай, октябрдан апрелге чейин созулган [12, 17-б.].

Жаңы усулдагы мектептер 1884-жылы Крымдагы И.Гаспринскийдин крым-татар балдары үчүн ачкан мектеби усулу жадид тибинде болуп, мына ушундан тартып башка жердеги бир катар ислам диний окуу жайлары жаңы методикага ээ боло баштаган. Бул башталгыч мектептерде диний гана эмес светтик билим берүүгө багытталган. Анда арифметика, география,тарых, табият таануу, геометрия, логика ж.б. билим берүүчү предметтерден сабактар өтүлгөн. Тыбыштык-добуштук усул колдонулуп, үн чыгарып окуганга чоң маани берилген жаңы ыкма болгон. Бул жаңы усулдагы мектептер үчүн И. Гаспринский жана башка агартуучулар тарабынан окуу китептери жазылган. “Ходжа и субъян” (“Балдардын мугалими”), “Тарих Ислям”( “Ыйык тарых”), “Сарф” (Эне тилинин грамматикасы) ж.б. окуу китептери басылып чыгат.

Азыркы Кыргызстандын аймагындагы 1909-жылы Чоң-Кеминде ачылган Шабдан Жантай уулунун «Шабдан медресеси», 1912-жылы Ак-Талаанын Куртка деген жеринде ачылган Калпа ажынын, Кочкор жериндеги манаптар Ыбыке уулу Канат менен Өтөмбай Төрөгелдин ачкан медреселер, Тоңдун Туура-Суу деген жеринде Мали уулу Сагаалынын, 1911-жылы Жумгалдагы Байзак менен Курман манап ачкан «Курмандын мектеби», Чүйдүн Сайлык айылдындагы Дүр Сооронбай уулу ачкан мектеб дал ушул усулу-жадид системасында билим берген.

Окумуштуу Д.Айтмамбетов өз изилдөөлөрүндө мындай маалымат берет : ”Пишпек уездинин отрукташкан калкында 14 мектеп, алардын ичинде 715 окуучусу бар кыздар үчүн 3 мектеп болгон. 1909-жылы Чоң-Кемин жергесинин сорубагыш болуштугунда мектеп ачылып, анда 150 кыргыз балдары билим алышкан, Темирболот болуштугунда мектеп үчүн атайын имарат курулган. Ошол эле Пишпек уездинин Талды-Булак деген жеринде Ыбыкеев Канат тарабынан мектеп курулуп, анда кыргыз мугалимдер иштешкен” [12,14-б.].

Жаңы усулдагы билим берүүчү окуу жайлары Фергана өрөөнүндө да активдүү иш жүргүзө баштайт. Мисалы, «Ош шаарында Балтыходжа Султанов жана Фазылбек Касымбеков тарабынан мектеб ачылып, 60тан ашуун бала, Кара-Суудагы мектебда 20дай бала окуган. Куршабда (Өзгөн) Эраалы миңбашы Ташкенттен Гулам Зафари деген мугалим алдырып, мектеб ачса, Өзгөндүн өзүндө 1907-жылы Факриддин, Рахим молдолордун 188 демилгеси менен ачылган. Жалал-Абадда Мырзакул болуш жадид мектебдери үчүн атайын имарат салдырып, Бухарадан мугалимдерди алдырып, окууга шыктуу балдар үчүн билим алууга ыңгайлуу шарттарды түзгөн» [4,187-б.]. Ошентип, Кыргызстандын аймагында эски усулдагы (кадим) мектептер жаңы усулдагы мектептерге өтүп, жаңы усулдагы мектептер кеңири тарай баштаган. Себеби мындай ыкма билим берүүнүн сапаттуу, алдыңкы түрү экенин ошол учурдагы билимди барктаган, келечекке кайдыгер карабаган инсандар туура түшүнүшкөн.

Мектептин көпчүлүгү мечиттерде, кээ бир учурларда молдонун үйүндө болуп, окуй тургандардын басымдуу бөлүгүн эркек балдар түзгөн. Кыздар үчүн ачылган мектептер азыраак кездешкен. Бирок, XX кылымдын башталышы жаңы ыкмадагы мектептердин ачылышы менен кайсы бир деңгээлде бурулуш мезгил болгондугун эске алуубуз керек. Дал ушул мезгилдерде аялдардын өзүлөрүнүн маселелерин козгогон жана буга коомчулукту тартууга аракет кылган макалалар жарык көрө баштаган. Исмаил Гаспринский мусулман өлкөлөрүндө аялдарга билим берүү демилгесин көтөрүп чыккан. Ошондуктан, анын бүгүнкү күнгө чейин маанисин жоготпогон, актуалдуу маселелердин бирине айланган бул демилгенин ишке ашыруучусу, негиздөөчүсү катары да эсептешет.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Агартуучу “Тержиман” гезитине тиркеме катары атайын “Аялдар дүйнөсү” журналын чыгарып, аялдар тууралуу өз көз карашын “Чыгыш жана Батыш аялдары” аттуу көлөмдүү макаласында чагылдырган.

Жергиликтүү мектептерден сабатсыздыгын жоюп, билим алган жаштар Бухара, Баку, Казан, Уфа шаарларына барышып билимдерин өркүндөтүп окуп келишкен. Мисалы, XIX кылымдын акырында, 1870-жылдарда Азербайжандын Шемаха шаарында Ысык-Көлдөн Касымаалы, Сарыташтан Ибрагим, Кызыл-Кыядан Искендер аттуу кыргыз жигиттери жогорку мектептен дин илими менен кошо адабият, логика, тарых, философия, араб, фарсы тилдерин терең окуп билимдүү болуп кайтышкан [14,8-б.].

Пишпек уездинин Кара-Кайың болушунан Кожомурат Сарыкулаков 1901-жылы Верный шаарындагы эркек балдар гимназиясына кабыл алынып, 1911-жылы күмүш медаль менен бүтүргөн. 1911-жылы Киев шаарындагы Ыйык Владимир университетинин медицина факультетине кабыл алынат. Бирок каражаттын жоктугунан окуусунан чыгып калган. 1914-жылы Казань университетинин юридика факультетине тапшырып, 1917-жылы жакшы баалар менен аяктайт.

Эшенаалы (Ишенаалы) Арабаев, Осмонаалы Сыдыков, Искак Канатов, Нарынкул Абиров жана башкалар 1915-жылдары Уфадагы атактуу Галия жогорку окуу жайынан билим алышкан. Аталган  кыргыз жаштары окуусун аяктагандан кийин өз мекенине кайтып келишип алган  билимдерин элине жумшап, мектеп ачып, бала окутуп, өз элинин тарыхы, санжырасын чогултуп, китеп чыгарып, агартуунун үстүндө эмгектенишкен.

XX кылымдын башында, кийинчерээк Уфа, Оренбург, Ташкент, Верный шаарларында пайда болгон мамлекеттик жана жеке менчик басмаканалардан миңдеген тираж менен татар, казак, кыргыз, өзбек тилдеринде окуу китептер басылып чыккан.

1911-жылы ушул китептердин ичинен кыргыз жана казак балдарына арналып, жеңилдетилип түзүлгөн алиппе китептин толук аты «Алифба йаки төтө окуу» чыккан. Араб ариби менен Уфадагы жеке менчик Шарк басмасынан басылган. Аны жазып даярдашкандар – ошол мезгилдеги жогорку даражалуу Галия медресесинин окуучулары Ишенаалы Арабаев жана улуту казак Хамза Сарсикеев болгон. Бул чыгарма – кыргыз жана казак балдарынын сабатсыздыгын жоюуга арналган окуу куралы катарында чыккан туңгуч басма китеп болгон. Жайкы дем алуу учурунда Галия окуу жайынын окуучулары казак айылдарына барып, ушул алиппе менен балдарды окутуп, бир аз каражат таап кайтышкан. Баласын мектепке берүүнү каалаган ата-энелер: “Балам, кайсы алипбээ менен окутасың, “Төтө окуу” мененби?» - деп сурап турушкан.

Санжыра- Советтик доорго чейинки басмадан басылып чыккан кыргыз китептеринде өзгөчө орунду ээлеген. Санжыра – кыргыз элиндеги  уруулардын, элдин келип чыгыш теги жана таралышы жөнүндөгү тарыхый материалдардын жыйындысы, элдик оозеки жана жазма чыгармалардын бир түрү.

Кыргыз элинин санжыра-тарыхын алгач ирет иликтеп, аны кагаз бетине түшүргөндөрдүн бири алгачкы жазгыч тарыхчыбыз Осмонаалы Сыдык уулу болгон. Ал өз убагында араб, фарсы, татар тилдеринде окуп, жаза билген сабаттуу адам болгон, ошондуктан аны Осмонаалы Молдо деп атап коюшкан.

Ал 1877-жылы Пишпек уездинин Темир-Болот айылында (азыркы Кочкор районунда) жарык дүйнөгө келген. Алгач жергиликтүү молдолордон билим алып, ага канааттанбастан Токмокто Шакир калпадан окуп баштаган. Шакир калпа түндүк кыргыздарга белгилүү молдо болуп, татарча диний жана айрым таза билим (география, тарыхый билимдерди) да окуткан.

Осмонаалы Шакир калпадан беш жыл билим алгандан кийин анын кеңеши менен 1895-жылдары Темир-Болот айылындагы балдарды чогултуп, динге үйрөтүү менен бирге география, тарых билимдерин кошо окуган. Кийинчерээк Бухара, Кашгардагы  ири медреселерден билимин терендеткен. Чет тилдерден орус тилин үйрөнгөн, орустун жана дүйнөлүк маданияттын көрүнүктүү эмгектери менен таанышкан. Ошентип, көптөгөн

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

изденүүлөрдөн кийин 1911-жылы Уфа шаарына барып топтогон эмгектерин китеп кыл чыгаруунун үстүндө эмгектенет.

1913-жылы Осмоналынын «Мухтасар тарых-и кыргызийа» (“Кыскача кыргыз тарыхы”) деген алгачкы китеби жарык көргөн. Китеп араб арибинде таза кыргыз тилинде жазылган, ал гана эмес диалектикалык өзгөчөлүк сакталган. 1914-жылы биринчи китебин толуктап, «Тарых-и кыргыз Шадманийа» (“Шабданга багышталган кыргыз тарыхы”) деген ат менен экинчи китеби басылып чыккан. Осмоналы Сыдык уулу «Жүрөгүндө оту бар жигиттерге тарыхты билүү керек жана (ал) – көп этибар кылынуучу бир илим»- деп белгилеген.

*Жыйынтыктап айтканда*, биз жогоруда келтирген фактылар кыргыз элин “советтик доорго чейин туташ сабатсыз болгон” деген негизсиз жоболорду төгүндөйт. Түркстандын калктарынын арасында, анын ичинде кыргыздарда мусулман окуусу калктын руханий акыл-ой мүдөөлөрүн канааттандырып, чөлкөмдүн элинин орток жазма маданиятын кылымдарга, муундан-муунга сактап келген. Сан жагынан көп болбосо дагы «боз үй мектептери» алгачкы сабатты ачып, Түндүк Кыргызстандагы агартуунун саамалыгы, алгачкы кадамы катары баалана тургандыгы шек жаратпайт. Көчмөн калк бийик тоолуу жерди мекендегени менен дайыма отурукташкан калаалар менен маданий жана соода-экономикалык байланыштарды түзүп келишкен. Жок дегенде эле , алардын конуштары аркылуу транзиттик соода каттамдары өтүп турган. Мындай алака-байланыштардын жыйынтыгында башка маданий таасирлер сыяктуу, илим-билимдин да оошуп келишин жокко чыгарбашыбыз керек.

## Адабияттар тизмеси

1. Кубатова А. Э. Кыргызстандагы жадидчилик кыймылы (1900-1916). [Текст] / А.Э. Кубатова. – Бишкек, 2012. – 167 с.

2. Бобровников, Н. А. Русско-Туземные училища, мектебы и медресе Средней Азии. Путевые заметки [Текст] / Н.А.Бобровников. – СПБ., 1913. – 90 с.

3. Усенбаев К. Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского ханства [Текст] / **К.Усенбаев**. – Ф.: Изд.АН Кырг.ССР, 1961. – 171 б.

4. Зулуев Б.Б. XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билимберуу тармагынын тарыхый өнүгүшү (Фергана өрөөнүн мисалында). [Текст] / Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазылган диссертация – 13.00.01. – Ош, 2018. - 310 б.

5. Карасаев, К. «Мухтасар тарых-и кыргызийа» жана анын түзүүчүсү [Текст] / К.Карасаев //Ала Тоо. - 1989. - №3.- Б.28-34.

6.ЦГА КР. Инв. № 4328. Приложение к обзору Семереченской области за 1883 г.

7.ЦГА КР. Инв. № 4324. Приложение к обзору Семереченской области за 1886 г.

8.ЦГА КР. Инв. № 4318. Приложение к обзору Семереченской области за 1888 г.

9.Обзор Семереченской области за 1889 г.- Верный, 1890г.

10. Обзор Семереченской области за 1890 г. .- Верный, 1890г.

11. Обзор Семереченской области за 1893 г. .- Верный, 1893г.

12. Айтмамбетов, Д. Дореволюционные школы в Киргизии [Текст] /Д.А.Айтмамбетов. – Ф.: Кыргызмамбас, 1961. – 129 б.

13. Тажибаев, Т. Просвещение и школы Казакстана во второй половине XIX века [Текст] **/ Т.Тажибаев.** – Алма-Ата: 1962. – 506 с.

14. Байгазиев С. Ала-Тоодогу агартуунун тарыхынын кыскача очерки (XVIII кылымдын 1917-жылга чейин) [Текст] /С.Байгазиев. - Б.: 2005. – 77 б.

15. Осмонкулов А. Кыргызстанда Эл агартуу иштеринин жана эне тилин окутуунун тарыхынан [Текст] / А.Осмонкулов. – Ф.: Мектеп, 1974. 201 б.